**ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. М. ЮНУСАЛИЕВ атындагы ТИЛ ИЛИМИ ИНСТИТУТУ**

**Д 10.24.700 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 81-11:81.362(575.2)(043.3)**

**Султанова Айнура Абайдиллаевна**

# ЧОҢ-АЛАЙ ТОПОНИМИЯСЫНЫН ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ЭВОЛЮЦИЯСЫ ЖАНА ФОНЕТИКАЛЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮН ТАРЫХЫЙ МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДЕРИ

**10.02.01 – кыргыз тили**

**Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2025**

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессор Т. Ахматов атындагы кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Садыкова Сымбат Зарылкановна**
филология илимдеринин доктору, доцент, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин англистика жана маданият аралык коммуникация кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековна**
филология илимдеринин доктору, доцент
**Акматов Нурбек**
филология илимдеринин кандидаты, доцент, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Гуманитардык факультетинин филология бөлүмү (720044, Бишкек шаары, Жал кичи району, Тыналиев көчөсү, 30-43).

Диссертациялык иш 2025-жылдын 18-апрелинде саат 15:30да Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көч., 547. Коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/102-e6q-jiw-jrm

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547), Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (720071, Бишкек ш.,Чүй проспекти, 265а) илимий китепканаларынан жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан (https://vak.kg/) таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын 17-мартында жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин доктору** **С. К. Каратаева**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** кыргыз тилиндеги ономастикалык материалдардын азыркы когнитивдик лингвистиканын алкагында, ошол эле мезгилде географиялык лингвистиканын материалдарынын негизинде ретроспективдик багытта иликтөөгө алуу менен түшүндүрүлөт. Кыргыз тилинин концептуалдык негизи катарында реалдуу мезгил мерчеминде тил бирдиктери аркылуу чагылдырылган ономастикалык географиялык объектилердин аттары кыргыз тилинин, жалпы эле түрк тилдер системасындагы негизги кор экендигин так чагылдырган номинативдик тутум болуп саналат. Ал эми географиялык объектилер материянын реалдуу көрүнүшү катарында сырткы дүйнөнүн тилдик бирдиктер аркылуу чагылуусу болуп гана чектелбестен, этникалык топтун улут катарында калыптануусунун негизи экендигин акыркы изилдөөлөр ачыктады. Демек, кыргыз элинин этностук жактан болгон тарыхый эволюциясын тактоо маселеси, биринчи кезекте, реалдуу мейкиндиктеги индивиддердин суммасынан эмес, кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин белгилүү мейкиндиктеги түптөлүүсү менен да негизделет.

Бир эле учурда жалпы евразиянын континенталдык негизин ээлеген кыргыз урууларынын “аборигендер” катарында каралуусу тарыхый далил эмес экендигин аныктоого да убакыт жетти десек жаңылыштык болбос. Анткени адам баласынын тарыхый өнүгүүсүндөгү белгилүү этап катарында таанылган Улуу Жибек Жолу “цивилизациялык жактан өнүккөн элдин өкүлдөрүнүн” кыргыз жергесине келүүсү (посещение) эмес, тескерисинче, Чоң-Алай архитектоникалык системасы аркылуу маданий булакка кошулуусу экендигин далилдөө жалпы кыргыз тил таануусундагы заманбап маселелердин бири.

Лингвоконцептуалдык өңүттөн алып караганыбызда, Чоң-Алай топонимиясынын ареалында кыргыз тилинин калыптануусун, кеңири тилдик мейкиндикте бүгүнкү күнгө дейре өнүгүү динамикасын илимий лингвистикалык жактан комплекстүү изилдөө менен да түшүндүрүлөт. Анткени Чоң-Алай тоо кыркалары Кыргызстандын суу рессурстарын сактаган географиялык жана тектоникалык массив гана эмес, биздин мекенибиздин **Кытай, Афганистан, Пакистан** жана **Тажикстан** менен чектешкен жериндеги маанилүү лингвистикалык катмар, ошол себептен Борбордук Азиянын жана Фергана өрөөнүнүн геосаясий абалынын мерчеминде жана Чоң-Алай тоо кыркаларындагы тарыхый урбонимдердин лингвистикалык табиятын аныктоодо **Чоң-Алай топонимиясынын** орду ченемсиз. Байыркы доордон тарта адам баласы отурукташкан, геоклиматы жактан ыңгайлуу жашоо чөйрөсү жана типологиялык айырмалуу структурадан турган тилдердин өз ара карым-катнашын [Абрамзон, 1990:454], элдердин этномаданий алакасын өз боюна сиңирген топонимдердин табигый лабороториясынын милдетин аткарган алкак азыркы күнгө дейре илимий жактан чети оюлбаган дың бойдон сакталып келет. Мындай маанилүү линвгвистикалык тармактын илимий бутага алынышы, кала

берсе, илимий теманын объектисине айлануусунун өзү эле аталган изилдөөнүн заманбаптуулугун аныктап турат деп айтууга толук негиз бар. Ошондой эле бул маселе Чоң-Алай районунун географиялык жана тарыхый жактан кыргыз элинин көп кылымдык басып өткөн калыптануу жолунда ээлеген олуттуу мааниси менен байланышкан. Буга кошумча өз мезгилинин белгилүү тарыхчылары айныксыз далилдердин негизинде азыркы Чоң-Алай районунун чөлкөмү Улуу Жибек Жолу менен канатташ жана тарыхый жактан тамырлаш экендигин белгилеп кетишкен. Мындай тарыхый, географиялык жана лингвистикалык факторлор аталган аймактын топонимиясынын тарыхый жактан калыптанышынын өзгөчөлүктөрүн аныктайт.

Кийинки убактарда илимпоздор кыргыз тил илиминдеги табигый тилдин көп кырдуу маселерине кайрылып, геолингвистиканын орчундуу проблемаларын иликтей баштаганына күбө болуудабыз [Аширалиев, 1983; Жапаров, 2012]. Жер-суу аттары биринчи кезекте, Кыргызстандын тарыхый жактан калыптануусун, мамлекетибиздин бүтүндүгүн далилдөөчү фактылар катарында иликтөөгө алынуусу зарыл. Демек, кыргыз тилинин өнүгүү тарыхын топонимдерсиз изилдөө, тарыхтын көрсөткүчү болгон жер-суу аттарын унутта калтыруу мүмкүн эмес [Бартольд, 1996:56]. Ошондой эле геолингвистикалык маанилүү аймак болуп саналган Чоң-Алай топонимиясын ар тараптуу изилдөөгө алуу азыркы мезгилде элибиздин өткөндөгү тарыхын жана кыргыз тилинин тарыхый эволюциясын аныктоодогу кечиктирилгис маселе экендиги шек жаратпайт. Чоң-Алай өрөөнүнүн жер-суу аталыштар системасын лингвистикалык жактан иликтөө биздин мамлекетибиздин тышкы саясаты менен да байланышкан маселелердин бири болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Т. Ахматов атындагы кыргыз тили жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын илимий изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз тилинин тарыхында жана Кыргызстандын тилдик, маданий жактан калыптануусунда өзгөчө маанилүү орунду ээлеген Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимдик системасын ар тараптан изилдөө. Кыргыз жергесиндеги кыргыз тилиндеги топонимдер байыртадан бери басымдуу болуп келгенин далилдөө менен кыргыз урууларын “Сибирден оошкон келгиндер” катарында буга чейин тарых, тил илимдеринде айтылып келген айрым пикирлерге бөгөт коюу. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер коюлду**:

1) Чоң-Алай өрөөнүнүн жер-суу аттарын жыйноо жана тутумун аныктоо;

2) жалпы тил илиминдеги, түркологиядагы анын ичинде кыргыз тил илиминдеги топонимия жана топонимияга тиешелүү лингвистикалык жана тарыхый изилдөөлөргө илимий сереп жүргүзүү;

3) Чоң-Алай топонимиясындагы жер-суу аталыштарынын фонетикалык жактан калыптануу мыйзамдарын талдоо жана кыргыз тилиндеги байыркы топонимдик катмардын тутумун аныктоо;

4) Чоң-Алай топонимдик номинативдик тутумунун калыптанышындагы тилдик карым-катыштардын чагылуусун чечмелөөнүн негизинде тарыхый катмарларга ажыратуу;

5) топонимдик бирдиктердин структуралык-грамматикалык негизги моделдерин аныктоо жана сөз жасоо мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүү;

6) Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимдерин этимологиялык өңүттөн талдоонун негизинде жер-суу аттарынын маанилик байланыштарын аныктоо жана семантикалык топторго ажыратуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Мамлекетибиздин тарыхый-географиялык жактан маанилүү аймактарынан болгон Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимдик номинативдик тутумунун тарыхый катмарларынын аныкталышы, алардын структуралык-грамматикалык, семантикалык жана этимологиялык өңүттөн диссертациялык иштин деңгээлинде комплекстүү изилдөөгө алынышы илимий иштин жаңылыгын түзөт. Ошону менен бирге Чоң-Алай өрөөнүнүн географиялык жана тарыхый жактан кыргыз элинин көп кылымдык калыптануу тарыхындагы ээлеген олуттуу ордун көңүл борборуна алуу менен, тилдик айныксыз далилдердин негизинде бул чөлкөмдө кыргыз этносу эң байыркы мезгилдерден бери байырлап келгенинин далилденишин изилдөөнүн илимий жаңылыгы катары көрсөтөбүз.

**Иштин практикалык мааниси.** Аталган диссертациялык изилдөө кыргыз тил таануу илиминде өзүнчө илимий багыт катары калыптана баштаган географиялык лингвистика боюнча программаларды жана окуу китептерин түзүүдө зарыл, фундаменталдуу фактылар менен камсыздайт. Ошондой эле кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый чектерин лингвистикалык жактан тастыктап, кыргыз элинин түпкүлүктүү этнос катарында изилдөө багытында тилдик далил катарында кызмат кылат. Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын жана алынган теориялык жыйынтыктарын окуу процессинде кеңири пайдаланууга болот, т.а., орто мектептерде окуучулардын регионалдык билимин өнүктүрүүдө, тил илиминин лексикология, морфология жана синтаксис бөлүмдөрүн, жогорку окуу жайларда географиялык лингвистиканы, филологиялык дисциплиналарды окутууда, аталган предметтер боюнча окуу китептери менен окуу куралдарын даярдоодо колдонууга мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Чоң-Алай топонимиясынын байыркы катмарын түзгөн аталыштардын этимондук составы жалпы кыргыз топонимикасынын тарыхый пайдубалы, концептуалдык негизи болуп эсептелет.

2. Азыркы күнгө дейре сакталып келген Чоң-Алай топонимиясы - онтологиялык байыркы негиздүү структура жана кыргыз тилинин лексикалык корунун динамикасын айкындоочу объективдүү форма.

3. Улуу Жибек жолундагы *Зор-Алай, Дароот-Коргон, Алтын-Дара, Дара, Дароот, Даңги, Дүкөн-Конуш, Кара-Зак* топонимдик катары аталган маданий-экономикалык магистралдын картографиясын аныктоо менен бир катарда кыргыз элинин башка тилде сүйлөгөн уруулар менен болгон алакасын чагылдырган лингвистикалык факторлордон.

4. Улуттун менталдык жактан калыптануусу лингвистикалык код катарында келүүчү номинативдик система менен эриш-аркак өнүгүүсү топонимикалык кордун жалаң гана фонетикалык оболочкасынын өзгөрүүсүн шарттабастан, табигый тилдин категориялык мыйзамдарын да жарата алган структуралык моделдеринин парадигмалык тутуму боло алат.

5. Чоң-Алай топонимиясынын курамындагы байыркы топонимдердин тарыхый өнүгүүсү кыргыз тилинин фонологиялык эволюциясын жана семантикалык жактан калыптануусунун мыйзам ченемдерин чагылдырат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык изилдөөдө Чоң-Алай топонимиясы боюнча топонимдердин геолингвистикалык системасы түзүлдү жана коңшу мамлекеттер менен чек ара алакасына тиешеси бар жер-суу аталыштарынын семантикасы тарыхый лингвистиканын фактыларынын негизинде талдоого алынды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Иштин негизги мазмуну боюнча И. Арабаев атындагы КМУда болуп өткөн эл аралык, республикалык жана регионалдык илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалды. Изилдөөнүн багытына байланыштуу Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин студенттерине «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бүтүндүгү жана Чоң-Алай топонимиясы» деген темада семинар жана атайын курс окулду.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары жалпысынан 10 илимий макалада чагылдырылды, анын ичинде Кыргыз Республикасынын РИНЦ системасында индекстелген мезгилдүү илимий басылмаларында 9, чет өлкөдө 1 макала жарыяланды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Иш киришүүдөн, үч баптан, ар бир баптын аягында чыгарылган кыскача тыянактардан, корутундудан, адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү - 235 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, максат-милдеттери, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы жана коргоого коюлган жоболор тууралуу маалыматтар берилди.

**«Топонимиянын проблемаларынын тил илиминде изилдениши»** деп аталган биринчи бап беш бөлүмдөн турат. Бул бапта Алай жана Памир тоо кыркаларындагы тилдик ареалдардын карым-катышы, о.э. топонимдердин лингвоконцептуалдык бирдик катары жалпы тил илиминде жана түркологияда изилдениш маселелери талданды.

**1.1. Топонимия жана анын ареалдык лингвистиканын объектиси катары изилдениши.** Топонимдик бирдиктер топонимиканын гана эмес, ареалдык лингвистиканын да изилдөө алкагына кирет. Тилдик топтун ар бир мүчөсү конкреттүү ареалдагы курчап турган реалдуу дүйнөнүн кайсы бир бөлүгүн атоодо өз дүйнө таанымына, турмуш-тиричилигине, өндүрүш ишмердүүлүгүнө жана калыптанган тилдик маданиятына жараша аталуучу объектинин сапаттык жагын кабылдагандыктан [Молчанова, 1969:49-50], топонимдик системада сөзсүз түрдө тилдин ареалдык өзгөчөлүктөрү чагылдырылат. Ареалдык мейкиндикте жайланышкан топонимдерди бир гана түзүлүшүнө карай мүнөздөө туура эмес. Анткени жер-суу аттары элдин тарыхый жактан калыптанышы менен тыгыз байланышкандыктан, топонимди жалпы ареалдын тарыхый мерчеминен, маанилик тутумдан бөлүп кароого болбойт [Мурзаев, 1980:198-200]. Жалпы кыргыз тилинин топонимиялык сферасындагы ареалдык тилдик катмардын изилденишине келсек, кыргыз тилинин түндүк ареалындагы топонимдерди алгачкылардан болуп Д. Исаев изилдөөгө алган [Исаев, 1977:76-90]. Андан көп өтпөй К. К. Конкобаев ареалдык катыштын негизине кирген элементтерден жасалган топонимдердин лексика-семантикалык жактан стратиграфиясын аныктаган. Анын эмгегинде Кыргызстандын ареалдык топонимиясы согди-ягноб жана тажик тилдик катмарчаларына ажыратылып изилденген [Конкобаев, 1980:10-20].

**1.2. Орто кылымдын чегинде Алай жана Памир тоо кыркаларындагы тилдик ареалдардын карым-катышы.** Кыргыз топонимиясынын курамында ареалдык катмардын пайда болушу, негизинен, кыргыз элинин турмушундагы тарыхый шарттар менен түшүндүрүлөт. Кыргыз эли өтө чоң географиялык мейкиндиктин аралыгында көчүп жүргөн жана маданияты гүлдөгөн мамлекетти түзгөн этнос экени советтик тарыхчылар тарабынан изилденген. Айталы, кыргыз эли Түштүк Сибирдин кең талааларынан тартып, Памир тоолоруна чейин бийлик кылган Кыргыз Улуу дөөлөтүн түзгөндүгү А. Н. Бернштам, А. А. Бартольд жана А. Абрамзондун [Бернштам, 1997; Бартольд, 1996; Абрамзон, 1990] эмгектеринде далилденген. Кыргызстандын чөлкөмүндө орто кылымдарда тилдик ареалдын түзүлүшү, анын ичинде түрк жана согду тилдеринде сүйлөгөн элдердин маданий социалдык алакасы Улуу Жибек жолунун географиялык багыты менен да тыгыз байланышта болгон. Анткени чыгыш менен батышты бириктирген экономикалык магистраль түрдүү системада сүйлөгөн элдердин ортосунда тилдик байланыштын күчөшүнө өбөлгө түзгөн [Жумагулов, 1983:30-90].

Академик Б. М. Юнусалиев кыргыз элинин Алтай тоо кыркаларын жердеген түрк тилдүү уруулар менен болгон генетикалык байланышын кыргыз жеринде сакталган айрым топонимдер чагылдырарын белгилеген. Окумуштуу топонимдерди жөн гана санап өтпөстөн, аталган жер-суу аталыштары кыргыз элинин жана анын тилинин тарыхынан так маалымат бере турган эстелик катарында көрсөткөн: «Любопытно сопоставить некоторые топонимы современной Киргизии и Алтая. Многие названия основных рек и местностей Киргизии оказываются перенесенными с Алтая. *Ср*. Чуй на Алтае и здесь, то же Кара-Кужур, Боом, Күркүрөө, Корумду, долина Кулунду и другие» [Юнусалиев,1956:38]. Кыргызстандын ареалдык чөлкөмүнүн Орто Азиянын жалпы географиялык системасындагы тарыхый топографиясынын калыптанышына, ошондой эле ареалдык топонимиянын алгачкы тутумунун түзүлүшүнө жалаң гана кырыз уруулары эмес, жалпы эле Орто Азияда жашаган уруулардын жана элдердин, алардын тилинин салымы бараандуу болгон [Бартольд, 1996:17]. Кыргыз ареалдык топонимиясы жана андагы байыркы катмарды ээлеген топонимдер жөнүндө алгылыктуу изилдөөлөр катары Э. М. Мурзаев жана Н. Жапаровдун эмгектерин белгилөөгө болот [Мурзаев, 1984:9-15; Жапаров, 2006:9]. Академик Б. Ө. Орузбаеванын эмгегинде айрым топонимдердин морфологиялык түзүлүшү илимий жактан негиздүү талданган: «мааниси жагынан -лык жана -луу мүчөлөрүндөгү кандайдыр бир өзгөчөлүктүн, белгинин, айырмачылыктын мүнөздүүлүгүн (бардыгын) билдирүүчү морфемалар менен аткарган милдети жагынан окшоп, бирок көбүнчө топоним (жер-суу) аттарында гана кездешүүчү куранды: Арчалы (<арча+-лы), Шилбили (<шилби+-лы), Бүргөндү (<бүргөн+-ды), Жылгынды (<жылгын+-ды) ж.б. [Орузбаева, 2000:168-229]. Ал эми Д. Исаев диссертациялык изилдөөсүндө Түндүк Кыргызстандын ареалдык топонимиясындагы тарыхый катмарларды хронологиялык жана лингвистикалык жактан так аныктоого жетишкен. Ареалдык топонимияда өтө жыш кездешкен ***сар*** топоформантынын семантикалык жана грамматикалык маанисин конкреттүү мисалдардын негизинде чечмелеген [Исаев,1977].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз ареалдык топонимиясынын тарыхый өнүгүү мыйзамченемдерин аныктоо жалпы эле кыргыз тилинин тарыхын диахрондук планда терендетип изилдөөгө өбөлгө түзөт. Чоң-Алай ареалдык топонимиясын изилдөөнүн негизинде кыргыз ономастикасында мурда белгисиз болгон топонимдерди аныктоого мүмкүн.

**1.3. Топонимдер лингвоконцептуалдык бирдик катарында жалпы тил илиминде изилдениши.** Лингвистикадагы концептуалдык негиздин калыптануусу адам баласынын когнитивдик ой-туюму жана дүйнө кабылдоосу менен эриш-аркак өнүккөн. Мейкиндикти төрт компонеттүү концепт катарында (***чыгыш↔батыш = түштүк↔түндүк***) кабылдоо кыргыз оронимиясындагы “***теской↔күнгөй***” атрибутивдик компоненттик түзүлүштүн концептуалдык

негизин түзгөн. Кыргыз географиялык лингвистикасындагы байыркы лингвоконцептуалдык бирдик катарында араб окумуштууларынын атласынан белгилүү болгон ***Алай*** тоо кыркаларынын ороним катарында ***Йулдуз*** деп аталышы белгилүү тарыхчылар В. Бартольд тарабынан белгиленген [Бартольд, 1996:40]. Анткени туруктуу константанын лингвистикалык концепт катарында **Жылдыз** (йулдуз) космоними менен берилиши кыргыз оронимиясындагы Чоң-Алай тоо кыркаларынын ядролук ордун көрсөтөт. Анткени ***улуг//олог → алай*** адъективтинин денотативдик негизи болгон Памир-Алай тоо кыркаларынын этностун лингвистикалык менталдуулугунун калыптануусуна тийгизген таасири ***Алай*** оронимининин семантикалык структурасында кошумча "мекен → улуттук локалдуулук → чөлкөм" семалары менен толукталуусуна алып келген.

Азыркы Чоң-Алай топонимиясынын субстраттык катмарын согду тилинен келип кирген топонимдер, гидронимдер, көбүн эсе оронимдер түзөт. Ошондуктан ар түрдүү системадагы тилдерден турган конгломерат катары таанылган Чоң-Алай топонимиясы мезгил алкагында эч бир бузулууга учурабаган, көөнөрбөс лингволабораториянын кызматын аткарып келет.

Чоң-Алай топонимиясынын лингвоконцептуалдык негизин, онтологиялык мазмунун аныктоонун дагы бир булагы катарында адамзаттын тарыхында прогрессивдүү ролду ойногон Улуу Жибек Жолу маданий-экономикалык магистралынын Чоң-Алай ареалын негизги трасса катарында пайдалангандыгы болуп эсептелет. Улуу Жибек Жолунун бул багыты азыркы Чоң-Алай өрөөнү аркылуу Фергана трассасын жакалай *Кашгар-Дарыя, Кара-Дарыя, Тар, Мыкан, Сары-Таш жана Дароот-Коргон* аркылуу кеткен [Магидович, 1969:11-12].

**1.4. Топонимдик системанын түркологияда изилдениши.** Азыркы Чоң-Алай топонимиясынын архитектоникалык катмарын түзгөн топонимдик курам боюнча системалуу түрдө ишке ашырылган илимий саамалыктын бири катарында А. Аристовдун изилдөөлөрүн көрсөтүүгө болот. Окумуштуунун эмгегинде ***алай, көк, кем, булак (← йулаg)*** сыяктуу ядролук курамдагы топонимдик негиз терең жана ар тараптуу талдоого алынган.

Чоң-Алай оронимиялык массивинин тектоникалык жана географиялык, экологиялык жагымдуу ландшафтын белгилүү чыгыш таануучу Марко Поло өз учурунда картага түшүрүү менен *суу, тоо* жана *алай* тополексемаларын белгилеген [Марко Поло, 1940]. Ошондой эле Чоң-Алай топонимиясындагы ядролук тополексемалык фонддун негизделүүсүндөгү жалпы элдик топонимикалык номенклатуранын калыптануусу жана өзгөчө тилдик ареалда өнүгүүсү боюнча да баалуу илимий факторлорду аныктоого жетишкен изилдөөчүлөрдүн катарына В. Коллаур, С. Пржевальский, Ч. Валиханов, В. Терентьев ж. б. кошууга болот. Ал эми белгилүү окумуштуу жана тарыхый география жана топонимикалык лингвистика боюнча белгилүү адис А. Аристовдун изилдөөлөрүндө улуттук аң-сезимдин калыптануусу менен бир

багытта элдин территориялык концепциясы өнүгө тургандыгын жер-суу аталыштарынын негизинде ынанымдуу далилдеген [Бернштам, 1997:3-97].

Чоң-Алай топонимиясын ареалдык географиялык жактан гана эмес, лингвистикалык жактан да терең изилдеген окумуштуулардын катарында белгилүү чыгыш таануучу Л. С. Берг татыктуу орунду ээлейт. Анткени аталган окумуштуунун изилдөөлөрү өзүнүн көп аспектүүлүгү менен мүнөздөлүп, азыркы Чоң-Алай ареалдык топонимиясына түздөн-түз тиешелүү болгон геолингвистикалык системанын өз учурунда изилдене башташына өбөлгө түзгөн. Чоң-Алай топонимиясынын тарыхый жана негизги курамын түзгөн топонимдер Э. М. Мурзаевдин эмгектеринде ар тараптан терең изилденген жана чагылдырылган [Мурзаев,1962:15-22].

**“Чоң-Алай топонимиясын изилдөөнүн методологиясы, методдору жана материалдары”** деп аталган экинчи бапта изилдөөнүн объектиси, предмети, изилдөөдө колдонулган методдор жана методологиялык базасы баяндалып, топонимикага тиешелүү теориялык маселелер, т.а., Чоң-Алай топонимиясынын тарыхый старатиграфиясы жана топонимдик тутумдагы байыркы катмардын семантикалык жактан өнүгүшү изилденген.

**Изилдөөнүн объектисин** Чоң-Алай топонимиясы, ал эми **изилдөөнүн предметин** Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдерин изилдөө түзөт.

**2.1. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору.** Изилдөөнүн илимий-теориялык жана методологиялык базасын жалпы тил илими, түркология жана кыргыз тил илиминдеги окумуштуулар – М. Кашгари, В. Терентьев, Ч. Валиханов, А. Аристов, А. В. Никонов, В. Бартольд, А. Абрамзон, Б. М. Юнусалиев, Б. Орузбаева, С. Атаниязов, С. Караев, Э. М. Мурзаев, К. Коңкобаев, Д. Исаев жана Н. Джапаровдун илимий изилдөөлөрү түздү.

Жалпы тил илиминде, анын ичинде түркологияда ийгиликтүү колдонулган илимий изилдөө методдору, башкача айтканда, этимологиялык стратиграфия, тарыхый хронология, семантикалык жактан сыпаттоо, тарыхый сереп, тарыхый салыштырма жана сыпаттама методдору изилдөө процессинде айкалышкан биримдикте колдонулду. Албетте, илимий деңгээлде илик жүргүзүү процессинде изилдөөнүн объектиси болуп саналган Чоң-Алай топонимдик курамын анализдөө жана эмпирикалык байкоолордун синтези да иш жүзүнө ашырылды.

**2.2. Чоң-Алай топониминин тарыхый-фонетикалык эволюциясы.** Фонетикалык өзгөрүүлөрдүн негизги лингвистикалык себеби болуп ***Алай*** топонегизинин кылымдар бою активдүү абалда болуусу жана семантикалык жылышуулардын болгондугунда жатат. Ядролук позицияны ээлеген ***Алай*** этимонунун синхрондук абалы бир канча баскычтарды башынан өткөрүп, жалаң гана кыргыз тилинин эмес, жалпы түрк тилдеринин фонологиялык эволюциясын манифестациялайт. Мындай ички формадагы өзгөрүү когнитивдик багытта да болгондугу азыркы Чоң-Алай топонимиясынын байыркы катмарында

этимологиялык байланышта болгон ***ала – алай*** топонегиздеринин валенттүүлүгү дагы бир ирет ачыктайт. Анткени биринчи кезекте семантикалык актуалддуулуктун көрсөткүчү катарында келүүчү жыштык коэффициентинин бир кыйла жогорку деңгээли жана ***ала*** жана ***алай*** ядролук компонентинин валенттүүлүгү бир гана семантика-лексикалык жактан эмес, морфонологиялык синтаксистик таасирдүүлүгүнөн ачык байкалат. Чоң-Алай топонимиясынын жалпы семантикалык мейкиндигинен орун алган *Чоң-Алай ↔ Кичи-Алай* сыяктуу географиялык пландагы омоформанынын оппозициялык катышы маалыматтан мурда да когнитивдик негиздеги тил бирдиктеринин биримдиги экендигинде талаш жок. Тоо экстенционалы тикеден-тике геофизикалык объектинин көрсөткүчү катарында эмес, тоо тополексемасы аркылуу презентацияланууучу *Мекен* концептинин толук улуттук формасын чагылдыруу үчүн препозитивдик абалдагы ***чоң*** атрибуту синтаксистик байыркы бабатилдик (праязыковая форма) «атрибутив+денотат» тибиндеги байланышта сактоо менен бир калыпта өнүгүүдө болгон жана элдик менталитеттин терең катмарында сакталган (глубинная семантика) ***алаг//улуг*** лингвоконцептинин катмарлашкан түрү экендигин эсибизден чыгарбообуз абзел.

Бир эле мезгилде ретроспективдик багыттан карай турган болсок «***денотат–географиялык объект→тоо (алай→Чоң-Алай)***» лингвистикалык моделинин типогиялык оппоненти катарында «***тоо (алай → Чоң-Алай) – географиялык объект → денотат***» моделинин концепти катарында ***Болор, Томур*** жана ***Кундуз*** оронимдерин көрсөтүүгө болот. Бирок мезгилдик компоненттин жана тилди алып жүрүүчүнүн дүйнө кабылдоо комплекстик тутумунан карай турган болсок, географиялык объект мезгил мерчеминде өз параметрлерин өзгөртпөгөн учурда деле оронимдик катардын алмашууга дуушар болгондугуна күбө болор элек. Бир эле учурда топонимдик катардын алмашуусу менен негизги системада да фонетикалык адаптациянын күчөөсү орун алган. Анткени ядролук негизги топонимдин фонетикалык жактан өзгөрүүсү көп мезгилди талап кыла турган болсо, негизги орунду ээлеген ядролук оронимдин номинант катарында түп тамырынан бери алмашуусу концептуалдык негиздеги муундар аралык алмашуунун жана концептосферадагы фреймдин изоляцияга учуроосу менен шартталмакчы. Анткени концепт катарында калыптанган топонимдик негиздин (*Томур, Болор жана Кундуз*) туруктуу тутумдан (этностук эс тутум) өчүүсү жалпы эле топонимдик тутумдун алсыздануусунан кабар берет жана субстраттык катмардын калыптануу деңгээлине алып келмекчи.

**2.3. Чоң-Алай топонимиясынын тарыхый стратиграфиясы.** Чоң-Алай топонимиясынын диахрондук стратиграфиясынын хронологиялык тартиби төмөнкүдөй: 1) байыркы кыргыз катмары; 2) согду-ягноб катмары; 3) араб катмары; 4) монгол катмары; 5) славян-орус катмары.

**1) Байыркы кыргыз катмары.** Чоң-Алай топонимиясын жана ядролук топоним болуп санаган Чоң-Алай топонимин бир гана концептологиялык жактан өнүгүүсү эмес (ороним → урбоним → топоним), жалпы концептосферанын өзгөрүүсүнө алып келүүсү жалпы топонимиялык системанынын фонетикалык адаптациясынан да айкын көрүнмөкчү. Чоң-Алай ядролук топониминин варианттуулугу бир жагынан семантикалык жактан болгон жылышууларды камсыз кылган шарт болуп саналса, экинчи тараптан алганда ядролук курамдагы жылышуулардын кабар берген болор эле. Анткени ***чоң*** адъективдик негиздеги атрибутивдик компоненти когнитивдик өлчөм (географиялык объектинин салыштырмалуу константасы) катарында келүүсү негизги тилдик коллектив тарабынан сакталган ***зор*** тарыхый адъективи менен жөн гана оппозициялык катышты түзбөстөн, семантикалык өнүгүүнүн көрсөткүчү болуп саналат. Анткени тилдик изоляциянын салыштырмалуу шарттында сакталган **Зор Алай** топоними азыркы мезгилде Афган, Мургаб жана Жерге-Тал кыргыздарынын тилинде «**мекен**» концептинин лингвистикалык формасы катарында актуалдуулугун жоготпой келет.

***Чоң*** атрибутивинин ареалдык мейкиндиктеги жыштыгы ***зор, улуу, тенир*** жана ***katta*** адъективити менен топонимдик катарды түзө тургандыгын байкоого болот. Бир эле мезгилде ***чоң*** атрибутунун кыйла кийинки мезгилдеги негизги ***алай*** номинативинин семантикалык таасиринен жаралган альтернат катарында түшүнүүгө болор эле. Анткени биздин иликтөөбүз боюнча жалпы түрк топонимиясындагы ядролук лингвоконцепт катарында келүүчү **Алтай** ониминин препозитивдик абалдагы атрибутивсиз колдонулуусу *чоң* адъективинин хронотоп (хронологиялык топоним) катарында бир кыйла кечирээк пайда болгон атрибутивдик лингвокомпонент экендигинен кабар берип турат. Ошондой эле **алтай** оронимин ретроспективдик хронотоп катарында кабылдай турган болсок, анда алтай доорун мүнөздөөчү концепт экендиги шексиз аргумент болмокчу.

**2) Согду-ягноб катмары**. Кыргыз тилинин топонимиялык сферасындагы иран тилдик катмарды алсак, иран тилине тиешелүү болгон ***сар*** топоформантынын негизинде пайда болгон *Сары-Булак, Сары-Булуң, Сары-Камыш, Сарычат, Сарычачма, Сары-Өзөн, Айран-Суу, Таңги* топонимдери бар [Исаев, 1977:76-90]. Чоң-Алай топонимиясынын курамындагы *Дара, Данги, Суу-Дара, Кыр-Дара, Сол-Дара* топонимдери ***дара*** формантынын негизинде жасалган. ***Дара*** сөзү иран тилинен кыргыз тилине “өрөөн” деп которулат [Хромов, 1980:221]. Бул өрөөндүн иранча аталып калышынын себеби катары Чоң-Алай чөлкөмүн жердеген кыргыз урууларынын байыркы кылымдарда эле иран тилдүү уруулар менен тыгыз карым-катышта болгонун көрсөтүүгө болот [Жапаров,1970:12-14].

**3) Араб катмары**. Чоң-Алай жер-суу аталыштар системасындагы араб катмарына кирүүчү топонимдер лингвистикалык бирдик гана эмес, тарыхый

жана социалдык жактан да кыргыз элинин эл катары калыптанышынын, маданий өзгөрүүлөрдүн багытын жана кыргыз тилинин өнүгүү тарыхын көрсөтөт. Чоң-Алай топонимиясындагы араб катмарынын активдүү негиздери жана тополексемалары катарында ***мазар, сопу, кожо*** компоненттерин көрсөтүүгө болот. Ал эми географиялык объектин негизги аталышы катары кыргыз тилиндеги ***сай, булак, талаа, тоо, таш, жар*** тополексемалары пайдаланылат.

**4) Монгол катмары**. Монгол жана түрк тилдеринин, анын ичинде кыргыз тили менен болгон карым-катышы жөнүндө өз убагында көрүнүктүү окумуштуулар Р. Раск, В. Шот жана М. Кастрен айтып кетишкен. Кыргыз тилинин монгол тили менен болгон карым-катнашын Б. М. Юнусалиев, Б. Ө. Орузбаева жана С. Садыковдор белгилешкен [Сыдыков, 1983; Орузбаева, 2000; Юнусалиев, 1959].

**5) Славян-орус катмары**. Түштүк Кыргызстанда орус аталыштарынын кыргыз тилине кирүүсү 1876-жылы февраль айында кыргыздардын Россиянын составына киргенден тартып күчөгөн. Чоң-Алай топонимиясында орус тилинен кирген топонимдер кыргыз тилинин составында адаптацияланып тыбыштык жактан өзгөрүүгө учурагандыгы байкалат. Чоң-Алай топонимиясында орус тилинен кабыл алынган сөздөрдүн негизинде жаралган орусча катмары салыштырмалуу жаңы катмар жана аларды башка тилдик катмарлардан бөлүп кароо анчалык кыйын эмес.

**2.4. Чоң-Алай топонимиясындагы байыркы катмардын семантикалык жактан өнүгүшү.** Чоң-Алай топонимиясы кыргыз топонимикасынын негизги тармагы жана жалпы түрк тилдеринин топонимиясына негиз болгон жер-суу аталыштарын өз кучагына алган лингвистикалык массив. Чоң-Алай топонимиясынын негизги чордонун түзгөн *Сары-Таш, Дароот-Коргон* сыяктуу топонимдер кыргыз элинин гана эмес, жалпы эле түрк дүйнөсүнүн тарыхын изилдөөдө мааниге ээ.

Алтай тоо кыркаларындагы жана ички Монголиянын азыркы Алтай тоо кыркаларына жакын жайланышкан айрым тилкелериненен табылган байыркы шаарлардын урандылары Чоң-Алай тополексемаларынын байыркы кыргыз тили менен болгон байланышын дагы бир ирет далилдей алат. Ал эми тарых булактарында ***Алай*** ороними ***Памир (Томур)*** тоо кыркаларынын тескей тарабынын аталышы катарында ***Кемалай (Гималай)*** жана ***Гисар (Кузей < Гузар)*** оронимдери менен тыгыз байланышта экенин белгилөөгө болот. Ошондой эле Чоң-Алай ареалынын стратиграфиясы айырмалуу системадан турган тилдердин элементтерин кылымдар бою сактап келген татаал жана уникалдуу система экендигинде талаш жок. Анткени адам баласынын коло доорунан темир дооруна кадам таштоосу ар бир топонимдин семантикалык структурасын гана калыптандырууга кыртыш болуп бербестен, табигый чеп менен, б.а. улуу тоолордун курчоосунан турган тилдик ареалдын лингвистикалык жана

этномаданий өнүгүүсүнө объективдүү шарттардын бири болгондугун тилдик фактылар далилдеп турат.

**«Чоң-Алай топонимиясынын структуралык-семантикалык өзгөчөлүктөрү»** деп аталган үчүнчү бапта Чоң-Алай топонимиясынын тарыхый-фонетикалык эволюциясы жана семантика-структуралык өзгөчөлүктөрү изилденди.

**3.1. Чоң-Алай топонимиясынын структуралык-грамматикалык өзгөчөлүктөрү.** Кыргыз тилиндеги топонимдердин морфологиялык жол менен жасалышы агглютинациялык принциптин негизинде ишке ашкан. Жер-суу аталыштары уңгуга же тарыхый уңгуга сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалгануусунун негизинде уюшулуп, мүчөлөр топонимдин семантикасына кошумча маанилик өзгөчөлүктү киргизет. Бирок негизги топонимикалык жүктү топонимге негиз болгон уңгу сөз көтөрөт, ал эми грамматикалык форма топонимдин ажырагыс компонентине айланат. Чоң-Алай топонимиясын структуралык-грамматикалык жактан жөнөкөй жана татаал топонимдер деп эки топко бөлүүгө болот.

**3.1.1. Жөнөкөй топонимдер.** Бир уңгулуу жана сенек формага айланган мүчөсү бар уңгу сөздөрдөн турган туунду топонимдер, ошондой эле сөз жасоочу мүчөлөрдөн уюшулган туунду топонимдер жөнөкөй топонимдерге кирет.

**Тубаса топонимдер.** Чоң-Алай топонимиясында бир уңгудан жана уңгу сөздөн (тарыхый туунду сөз) турган тубаса топонимдердин саны аз. Алар негизинен топонимдерге өткөн географиялык терминдерден, фитонимдик, антропонимдик, зоонимдик, соматикалык негиздеги топонимдерден турат. Мисалы, географиялык терминдер: *Гүм* – түшт.-бат. диал. *гүм* “суунун терең аккан жери” [КТДС 311]; фитонимдер: *Шибээ / Шибе* – алт., тув. *шибе~чиби~шиви* “карагай”; антропонимдер: *Чак* ойконими - Чак деген баатырдын атынан коюлганы айтылат ж.б.

**Туунду топонимдер**. Топонимдердин уюшулушунда азыркы кыргыз тилиндеги өнүмдүү сөз жасоочу мүчөлөр (***-лыг, -луу***) менен катар жер-суу аталыштарынын курамында сенек формага айланган байыркы кыргыз тилине мүнөздүү морфологиялык каражаттар да (***- ты, -лы***) кызмат аткарат. Чоң-Алай топонимиясындагы туунду топонимдердин жасалышы алардын кыргыз топонимдик системасынын бир бөлүгү экенин дагы бир жолу далилдейт. Туунду топонимдердин жасалышында негизинен төмөнкү сөз жасоочу мүчөлөр кызмат аткарган:

***-лык (-луу) топонимдик форманты.*** Азыркы кыргыз тилинде 1) бир нерсенин бардыгын, заттын бир нерсеге ээ кендигин; 2) заттык белгинин көптүгүн, молдугун көрсөткөн [Кыргыз адабий…, 1980:226] бул топоформант өнүмдүү мүчө болуп саналат. Топонимдердин курамында негизинен *-лык* формасы келет. *-лык* мүчөсү менен жасалган төмөнкү топонимдер бар: *Көлдүк жайлоосу < көл + -лык = көлдүк, Кулдук мөңгүсү < кул + -лык = кулдук, Сүттүү булак < сүт + - луу = сүттүү, Текелик тоосу < теке + -лык = текелик.*

***-ты (-лы) топонимдик форманты.*** *-ты* мүчөсү уңгу сөздөргө жалганып, мындай топонимдер жасалган: *Чырканакты < чырканак (чычырканак) + -ты = чырканакты, Көбүргөндү жайлоосу < көбүргөн + -ды = көбүргөндү, Караганды жайлоосу < караган + -ды = караганды, Жекенди < жекен + -ды = жекенди. -ты* топоформанты фитонимдерге гана эмес, географиялык объекттин өзгөчө белгисин билдирүү үчүн конкреттүү зат атоочторго жалганып топонимдерди уюштурат. Мисалы, *Корумду жайлоосу < корум + -ды = корумду, Кебекти < кебек + -ты = кебекти.*

***-ма мүчөсү.*** -ма этиш сөздөргө жалганып, кыймыл-аракеттин өзгөчөлүгүнө байланыштуу маанидеги зат атоочторду жасоочу өнүмдүү мүчө. Ал жалганган көп сөздөрдүн уңгулары өз алдынча турганда маанисин жоготпойт [Кыргыз адабий…, 1980:161]. Грамматикалык форманын бул өзгөчөлүгү топонимдердин жасалышында сакталган. Мисалы, *Кайырма < кайыр- + -ма = кайырма, Күүлөмө мөңгүсү< күүлө- + -ма = күүлөмө, Оргума булак< оргу- + -ма = оргума.*

***-чы мүчөсү*** кыргыз тилиндеги өнүмдүү аффикстердин катарын толуктайт, ошону менен бирге топонимдердин курамында келген учурлары да бар. *-чы* мүчөсү топоформант эмес, ошол себептен бул мүчө менен келген географиялык аталыштар сейрек кездешет. Чоң-Алайда бул мүчөнүн жардамы менен жасалган төмөнкү жер-суу аталыштары бар: *Бегичи, Кочкорчу, Кулчу, Чоң-Кочкорчу.*

**3.1.2. Татаал топонимдер.** Татаал түзүлүштөгү топонимдердин курамындагы компоненттердин грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай **аныктоочтук катыштагы** жана **этиштик катыштагы** топонимдер деп эки топко бөлүнөт.

**1) Аныктоочтук катыштагы «зат атооч + зат атооч» тибиндеги татаал топонимдер**. Мындай конструкциядагы синтаксистик бирдиктер башка тилдерде сейрек кездешип, түрк тилдеринин типологиялык өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет. Кыргыз тилинде атрибутивдик катышта турган сөз айкаштары татаал топонимдердин басымдуу бөлүгүн түзөт.

а) **Изафет I тибиндеги топонимдер**. Бул топко кирген топонимдердин компоненттери ыкташуу байланышы менен байланышат. Компоненттердин топонимдин курамындагы орун тартиби маанилик катышты гана аныктабастан, компоненттердин ортосундагы синтаксистик байланышты иш жүзүнө ашырат. Мисалы: *Айран-Булак, Арал-Кепе, Ат-Жайлоо, Батман-Көл, Урал-Чоку ж.б.*

б) **Изафет II тибиндеги топонимдер**. Мындай изафеттик конструкциянын экинчи компонентине үчүнчү жак жана жекелик сандагы таандыктын мүчөсү жалганат. Изафет II тибиндеги топонимдердин экинчи аныкталгыч компоненти географиялык аппелятивдерден турат: *Бугу-Башы, Жар-Башы, Дара суусу, Теңизбай ашуусу, Ленин мөңгүсү, Нура суусу, Корумду жайлоосу, ж.б.*

в) **Изафет III тибиндеги топонимдер**. Бул типтеги конструкциялардын өнүгүшү илик жөндөмөсүнүн келип чыгышы менен байланыштуу. Мындай изафеттик конструкциянын негизинде уюшулган топонимдердин биринчи

компонентине илик жөндөмөсүнүн мүчөсү жалганат жана алар көп эмес. Мисалы, *Дароottун токою, Маманын токою, Лепшинин үстү.*

**2) Аныктоочтук катыштагы «сын атооч + зат атооч» тибинде жасалган татаал топонимдер**. Мындай түзүлүштөгү жер-суу аттарынын биринчи компоненти аныктоочтун, экинчиси аныкталгычтын милдетин аткарат. Эреже боюнча сапаттык сын атоочтордон, анын ичинде өң-түстү билдирген сөздөрдөн уюшулган. Мисалы, *Чоң-Алай, Шор-Талаа, Чоң-Кочкорчу, Туюк-Суу, Сасык-Булак, Куу-Талаа, Көк-Дөбө, Кара-Булак, Жылуу-Суу, Ачык-Таш* ж.б.

**3) Аныктоочтук катыштагы «сан атооч + зат атооч» тибинде жасалган татаал топонимдер**. Татаал топонимдердин курамында сан атоочтор препозитивдик абалды ээлөө менен бирге, бардык учурда эле сандык белгини бере бербейт. Анткени сан атоочтор сандык мааниден тышкары кыргыз элинин менталдык жактан калыптануусунда сакралдык түшүнүктөрдү алып жүрөт. Ошондой эле сандык маанидe колдонулган *жалгыз, кош, сыңар* сөздөрүнүн топонимдерди жасоодогу активдүүлүгү бир топ жогору экенин белгилеп кетүү зарыл: *Кош-Дөбө, Кош-Кайың, Жалгыз-Арча, Кош-Терек, Сыңар-Жар ж.б.*

**4) Этиштик катыштагы «зат атооч + этиш» тибинде жасалган татаал топонимдер**. Чоң-Алай топонимиясында предикативдик катышта турган төмөнкү топонимдер бар: *Балык секирген, Балык жууган, Дыкан акты, Кожо-Түштү* ж.б.

**Үч же андан ашык сөздөрдөн турган топонимдер**. Чоң-Алай топонимиясынын курамында үч сөздөн куралган топонимдер да бар. Мындай топонимдердин морфологиялык курамы ар түрдүү. Синтаксистик жактан алганда, анын бир бөлүгү аныктооч болуп түшсө, экинчи бөлүгү аныкталгычтын милдетин аткарат. Эске ала турган бир жагдай, мындай топонимдердин курамындагы аппелятивдер кийинчерээк унутулуп калып, окуяны билдирген сөздөрдүн тобу гана топонимге айланат. Мисалы: *Кемпир өлгөн жер, Аскар ыйлаган колот* деген сыяктуу сөз тизмегиндеги “жер”, “колот” деген географиялык аппелятивдер кийин түшүп калып, *Кемпир-Өлгөн, Аскар-Ыйлаган деп* колдонулуп калган.

**3.2. Чоң-Алай топонимиясынын семантикалык өзгөчөлүктөрү.** Адам айлана-чөйрөнү таануу менен бирге, аларды жекелештирүү үчүн ат берет. Номинация процессине жердин рельефи, ошол жерде жашаган калктын жашоо-шарты жана чарбасы, ошондой эле тилдик контактылар чоң таасирин тийгизет. Топонимдерди түзгөн сөздөрдү семантикалык жагынан талдай келгенде, кадимки эле сөздөрдүн (жалпы аттын) мааниси кеңейип, кайсы бир белгисинин окшоштугуна жараша жаңы бир топонимдик мааниге ээ болгонун аныктоого болот.

**3.2.1. Топонимдердин курамындагы компоненттер же географиялык аппелятивдер.** Чоң-Алай топонимиясына кыргыз географиялык аталыштарынын курамында көп колдонулган ***арт, кол, кош, булак, таш, саз,***

***жайлоо, жол, жылга, суу, өтөк, арык*** өңдүү географиялык аппелятивдер мүнөздүү. Мындай аппелятивдер ороним, гидроним, кээде ойконимдердин курамында келет. Топонимдердин курамындагы бул компоненттер байыркы мезгилден бери кыргыз тилиндеги жер-суу аталыштарында көбүнчө экинчи компонент катары келгени белгилүү.

**3.2.2. Чоң-Алай өрөөнүндөгү топонимдердин семантикалык топтору.** Чоң-Алай топонимиясына тектик жана семантикалык өңүттөн жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде **он** семантикалык топко ажыратылды.

**1. Антропотопонимдер.** Чоң-Алай аймагында адам аттарынан, лакап аттардан жана фамилиялардан жасалган топонимдер арбын. Антропотопонимдердин келип чыгышындагы негизги өзгөчөлүк - ошол жерге биринчи отурукташкан адамдын же жер ээсинин, ошондой эле белгилүү инсандардын ысымынын топонимдин номинация процессине катышкандыгында турат [Абишов, 2017:335]. Негизинен, топонимдер эркек ысымдарынан жасалган, бул нерсе кыргыздардын үй-бүлө институтундагы эркектердин үстөмдүк абалы менен байланыштуу деп ойлойбуз. Муну *Аскар ыйлаган, Чак, Алипбай зоосу, Гайып датка күмбөзү, Жанайдартак мөңгүсү, Тагай-Үңкүр, Чоок токою* сыяктуу антропотопонимдер далилдейт.

***Дыкан-Акты*** - Кара-Тейит айылынын батыш тарабында жайгашкан, Тажикстан менен чектеш жайлоо. Эл ичинде Дыкан деген киши суугa агып каза болуп, ошондон улам Дыкан-Акты деп аталып калганы айтылат. Бул жайлоону азыркы учурда Кара-Тейит, Кара-Мык айылдарынын тургундары жайыт катары пайдаланышат [Маматкаимов, 2022:313]. *Дыкан* антропоними *дыйкан* сөзүнүн өзгөргөн формасы. Мисалы, ичкилик диалектисинде *дыйкан* эмес, *дыкан* деп айтылат [КТДС 352].

**2. Этнотопонимдер.** Этнонимдик негиздеги топонимдер тилдик коллективдин коомдук жана экономикалык өнүгүүнүн жаңы формациясына өткөндүгүн түшүндүрөт. Анткени ар бир уруунун сан жагынан артыкчылыгы алардын белгилүү бир чөлкөмдөгү үстөмдүгүнө алып келген. Ошондой эле мындай сандык жана сапаттык өзгөрүүлөр, ар бир уруунун ареалдык жактан таралышы алар жашаган аймактын топонимиясында чагылдырылган. Чоң-Алайда этнонимдин негизинде уюшулган *Кара-Тейит жылгалары, Кара-Мык, Кыдырша-Арык, Сары-Могол, Маманын токою* топонимдери белгилүү.

***Маманын токою*** - Дароот-Коргон айылынын түштүк-чыгышындагы Кызыл-Суунун сол жээгиндеги токой. Маманын токоюнан өтө көп булактан кара суу чыгат. Саз чөкмөлөрүнүн басымдуу бөлүгү чым көң [Маматкаимов, 2022:468-469]. Ноокен районундагы тоонун аты да *Мама* деп аталат. Мама – кыпчак, мунгуш, тейит урууларынын курамындагы уруктар [Каратаев, 2003:135]. Байыркы түрк жазма эстелигинде *мама* сөзүнө “эгин жанчыган чоң жаргылчакты тегеретчү бука” деп түшүндүрмө берилет [МК III 235]. Жерге-Тал жана Заамин райондорунда “1) таене, 2) ата менен бир тууган улуу аганын аялы”

маанилеринде, Лейлек жана Баткенде өтө карыган чоң энеге карата колдонулат [КТДС, 619]. Тунгус-манжур тилдүү элдерде жаңыдан төрөлгөн наристелердин колдоочусун, шамандын аял кебетелеш дух-жардамчысын *мама* деп аташат.

**3. Фитотопонимдер (геоботаникалык терминдерден турган аталыштар).** Кайсы гана тилди албайлы, анын топонимиялык системасында фитонимдердин негизинде уюшулган топонимдер өтө арбын. Фитотопонимдер тигил же бул аймакта өсүмдүктөр түрлөрүнүн таралышы жөнүндө гана түшүнүк бербестен, рельефтин өзгөчөлүктөрү тууралуу да маалымат берет. Фитонимдик негиздеги *Гыңдалай жайлоосу, Балтырганды, Жекенди, Чекен, Кымыздыкты, Кара-Шыбак, Караганды, Кызыл-Тикен, Көбүргөндү* фитотопонимдери бар.

***Гыңдалай (гыңдуу ой) жайлоосу*** - Жекенди айыл аймагына караштуу Кара-Мык айылынын түндүк тарабында жайгашкан. *Гыңдалай* фитотопоними *гыңдуу+ой* деген эки компоненттен турат. *Гың* - Жерге-Тал жана Памир говорунда жерден көп бийик өспөгөн, жумуру болуп чыккан өсүмдүктүн аты (аны ачарчылыкта адамдар казып алып, отко көөмп бышырып жеп келишкен. Өңү жашыл, май айында чыгып, бир айдан кийин куурап калат, өзү жыттуу болот) [КТДС 314]. Ал эми *ой* географиялык аппелятиви “чуңкур, ойдуң” маанилерин билдирип, кыргыз топонимиясында дарыя, өрөөн, ашуу, булак, коо, колоттун аталыштарынын курамында келет.

**4. Соматикалык негиздеги топонимдер**. Топонимдердин жасалышында антропоним, фитоним жана этнонимдер менен катар адамдын ден мүчөсүн билдирген соматикалык лексика аппелятив катары кеңири колдонулат. Кыргыз топонимиясында *бел, кол, баш, чоку, салаа, тумшук, ооз* сыяктуу соматизмдер аппелятивдин функциясында колдонулганы белгилүү.

***Кара-Кабак*** - Кашка-Суу айыл аймагына караштуу айыл. *Кабак* - көздүн чарасын жаап турган үстү жагы, көздүн үстү [КТТС, I 634]. *Кабак* соматизми топонимдин курамында келгенде “туш тарабы бийик кырдуу келген ойдуң жер, чункур, ой” маанисин туюндурат. Кыргыз топонимиясында жеке колдонулган учурлары да бар. Мисалы, *Кабак* – Жети-Өгүз районундагы айылдын аты [Акматов, 2009:63].

**5. Зоотопонимдер (зоологиялык терминдерден турган аталыштар)**. Адамдардын жаратылыш, жаныбарлар дүйнөсү менен болгон карым-катышы географиялык объекттерди кабылдоодогу ассоциациялардын калыптанышына таасирин тийгизет. Зоонимдик негиздеги төмөнкүдөй топонимдер бар: *Ат-Жайлоо, Алакысырак чокусу, Балыкты, Балык секирген жер, Бугу кыштагы, Бөрү уюк, Бүркүт зоо, Каман мөңгүсү, Улар чоку*.

***Жылан-Төр мөңгүсү*** - Чоң-Алай кырка тоосунун түндүк капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Мөңгүдөн Жылан-Төр суусу (Тараша суусунун сол куймасы) башталат [Маматкаимов, 2022:352]. Жылан зоокомпонентин сойлоп жүрүүчүлөрдүн ичинен жер-суу аталыштарында бир топ кеңири колдонулганын байкоого болот. Мисалы, *Жылан-Темир, Жыланды* ж.б. А. Позднякованын

пикири боюнча, түрк тилдүү элдерде жылан акылдуулуктун символу болгон, ошол себептен түрк калктары таралган түрдүү аймактардан аталган зооним катышкан топонимдерди кездештирүүгө мүмкүн: *Jılan adası* “Кара деңиздеги арал”, *Jılan taši* “Туркиянын Кехш өрөөнүндөгү жердин аты” [Позднякова, Йылдырым, 2023:128].

**6. Түстү билдирген сөздөрдөн жасалган топонимдер.** Топонимдердин номинация процессинде географиялык объекттин негизги белгилеринин бири түс болуп эсептелет. Өз кезегинде түстү билдирген сөздөр тилдин сөздүк курамындагы эң байыркы катмарга кирет [Хисамитдинова, Муратова, 2019:140-141]. Кыргызстандагы жер-суу аталыштарына мүнөздүү ***ак, кара, сары, кызыл, көк, коңур, куу*** түстөрү катышкан топонимдер кездешет: *Ак-Суу, Кара-Булак, Кара-Жылга, Кара-Бел, Кара-Зак, Коңур-Суу мөңгүсү, Көк-Суу, Куу-Талаа, Кызыл-Суу суусу, Кызыл-Эшме, Сары-Таш* ж.б.

***Коңур-Суу мөңгүсү*** - Чоң-Алай кырка тоосунун түндүк капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Мөңгүдөн Камандын сол куймасы *Коңур-Суу* суусу башталат [Маматкаимов, 2022:418]. Мөңгүдөн агып чыккан суунун киргил түсүнө карай берилген. Коңур топокомпонент катары топонимдик системада сейрек учурайт. Кыргыз тилинде *коңур* – кара-күрөң, кара тору; каракалпак тилинде *къоңыр* – кара-күрөң, кара тору, күрөң; якут тилинде *хонор/хогор* – кара кер, сары-күрөң, кара боз түстөрүн билдирет. Алтай тилинде *Коӊыр-Ат, Коӊыр-Таш, Коӊыр-Ой* топонимдери бар [Молчанова, 1979:65].

**7. Объекттин формасы, көлөмү, кайсы бир белгиси жана жайгашуусуна байланыштуу түшүнүктөрдү атаган сөздөрдөн жасалган топонимдер**. Бул семантикалык топ *Ачык-Суу, Берк-Суу, Мукур айылы, Нура суусу, Кумай жайлоосу, Дара суусу, Дароот-Коргон, Даңги, Кечү-Суу мөңгүсү, Корумду, Кулчу айылы, Күңгөй-Өтөк, Жайылма айылы, Терс-Агар, Кәлтә-булак, Жаман-Суу, Жалпак-Сай, Чулук айылы* сыяктуу гидроним, ойконим жана оронимдерден турат.

***Чулук айылы*** - Жекенди Чоң-Алай айылдык округуна караштуу кыштак. Айыл жолдон буруу болгондуктан, эзелтен эки жактан качып келгендер баш паанек кылганы айтылат [Маматкаимов, 2022:672]. *Чулук* сөзүнө келсек, кыргыз тилинин Жерге-Тал, Алай говорлорунда “саздаак шалбаа; сормо саз” маанилерин берет. Мисалы, *өзүңдөн зор менен алышпа, алып урат чулукка, ата-энең кегиче, жем болосуң балыкка* [КТДС, 1158]. *Чулук* айылы тайпак тоолор менен курчалган жайыгыраак жерде жайгашкан. Тоонун колотторунан майда-майда суулар агып түшүп, суулуу жер болгондуктан *чулук* деп аталып калышы ыктымал. Бул пикирди түрк тилдеринин материалдары менен далилдөөгө аракет жасап көрөлү. *Чулук* топоними түрк тилдеринде аппелятив катары белгилүү болгон ***јул*** сөзүнүн туунду формасы. Түрк тилдеринде *чул, јул, ул, жул, сул* фонетикалык варианттарында кездешет. Мисалы, алтай тилинде *Јулуш, Чулуш* «дарыя, тоонун тумшугу жана калктуу пункттун аты», *Чулчак* “дарыя, көлдүн

аты" ж.б. Айрым түрк тилдеринде гана бул сөздүн гидронимдик мааниси сакталып калган. *Сал.* байыркы уйгур тилинде *jul-julak* «булак, кичине суу»; шор тилинде *чул/jул* "кичине суу, тоо дарыясы"; хакас тилинде *чул* "кичине суу"; түрк тилинде *jul, juul* «булак» ж.б. Түштүк Сибирде *чул* аппелятиви катышкан топонимдер өтө көп: *Чулым, Карачулен, Чул, Пора-Чул, Таллыг-Чул, Анджул* ж.б.

**8. Диний ишенимдер менен байланышкан топонимдер.** Кыргыз эли өзүнүн көп кылымдык тарыхында бир канча диний ишенимди, өтө татаал тарыхты башынан өткөргөн. Отко сыйынуучулук, теңирге сыйынуу жана кийинчерээк мусулман динин кабыл алышы кыргыз элинин топонимиясында кеңири чагылдырылган. Буга Чоң-Алай өрөөнүндөгү *Алтын-Мазар, Бала-Бейит, Кыз-Мазары, Кожо-Түштү, Тамчы-Ата, Кудайберген бийдин таш мечити, Ырымдуу-Мазар* сыяктуу топонимдер мисал болот.

**9. Тарыхый-маданий окуяларга байланыштуу топонимдер.** Бул топтогу топонимдер семантикалык жактан алып караганда, кыргыз элинин тарыхында болуп өткөн окуяны чагылдырат. Чоң-Алай топонимиясынын курамында тарыхый-маданий окуялар менен байланышкан *Дүкөн-Конуш жайлоосу, Кароол-Дөбө, Кызыл-Коргон, Юкос* топонимдери бар.

**10. Советтик доорду чагылдырган топонимдер.** Кыргыз элинин тарыхында советтик доордун башталышы менен көптөгөн социалдык, маданий жана ирригациялык обьектилер курулган. Советтик доор бир гана топонимикага эмес, жалпы эле ономастикага көптөгөн жаңы аталыштарды алып келди. Буларга мисал катарында *Жаш-Тилек, Жаңы-Шаар, Кызыл-Туу* сыяктуу айылдардын аттарын көрсөтүүгө болот. Жогоруда белгиленгендей, Чоң-Алай кырка тоолорунда өрөөн тибиндеги мөңгүлөр көп. Мына ошолордун айрымдарына белгилүү адамдардын фамилиялары жана ысымдары ыйгарылган. Мисалы, *Абрамов мөңгүсү, Корженевский мөңгүсү*.

Жыйынтыктап айтканда, топонимдик бирдиктер экинчи номинациянын туундусу болуп эсептелет. Жер-сууларга ат берүүдө көпчүлүк учурда географиялык объекттин буга чейин белгилүү болгон нерсе менен окшоштугу негизги белги катары алынган.

## КОРУТУНДУ

1. Чоң-Алай топонимиясы жалпы эле түрк тилдеринин анын ичинде кыргыз топонимиясынын тарыхый жактан калыптануусуна канаатташ өнүккөн деп айтсак деле жаңылыштык болбос эле. Анткени алгачкы кыргыз элинин этникалык курамы анын мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалы Чоң-Алай чөлкөмү (территориялык) менен тикеден-тике байланыштуу экендиги тарыхый объективдүү фактылар менен гана эмес, эч качан көөнөрбөгөн лингвистикалык фактылар менен да айкындалат. Чоң-Алай топонимиясы кыргыз элинин өзүн-өзү таануусунда, элдин тарыхын, өткөндөгү турмушун изилдөөдө, кыргыз

этносунун көчмөн турмушун, маданиятын жана менталдык өзгөчөлүгүн үйрөнүүдө баа жеткис фактор - тарыхый чындык болуп саналат.

2. Чоң-Алай топонимиясы кыргыз тилинин мыйзам-ченемдерине жараша тарыхый багытта өнүккөн тилдик тутум жана көөнөрбөгөн лексикалык өзгөчө катмар, чөйрө болуп саналат. Анткени биздин ишибиздин жүрүшүндө байыркы катмардын курамында келүүчү ***сай, арт, булак*** жана ***суу*** топоформанттары азыркы күнгө дейре өз маанилерин сактап, жаңы топонимдердин жасалуусуна негиз болуп келе жаткандыгы айкын болду.

3. Чоң-Алай топонимиясынын өнүгүшүнүн, калыптанышынын күбөсү - кыргыз тилинин фонетика-грамматикалык өзгөчөлүгүн камтыган жер-суу аттары. Изилдөөнүн жүрүшүндө иран тилинен кабыл алынган топонимдер жана топоформанттар байыркы кыргыз тилине өткөндө фонетикалык жактан өзгөрүүгө учурагандыгы тастыкталды. Иран тили менен болгон байланышты геосаясат менен байланыштырбай кароо абзел. Анткени байыркы кыргыз Улуу Дөөлөтүнүн составында көп улуттуу элдер жашагандыгы мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналат. Бирок Чоң-Алай аймагынын топонимдеринин негизин, тарыхтын бардык өнүгүү этаптарында, түрк топонимдери түзгөндүгүн жадыбыздан чыгарбообуз керек.

4. Чоң-Алай топонимдеринде кыргыз тилинин тилдик байыркы элементтер сакталып калгандыгын көптөгөн факты-материалдардын негизинде аныкталды десек жаңылышпайбыз. Анткени Чоң-Алай топонимиясындагы семантикалык тутумдун негизги борбору катарында кызмат кылган Чоң-Алай урбоними нукура кыргыз тилинин гана байлыгы экендигин аныктоого жетиштик деп эсептейбиз.

5. Чоң-Алай топонимиясынын тутуму бир кыйла татаал жана ар тараптуу өнүгүүгө дуушар болгондугу изилдөөнүн жүрүшүндө айкын болду. Анткени топонимдердин маанилик байланышы кандайдыр бир деңгээлде экстралингвистикалык факторлор менен кыйыр түрдө түшүндүрүлөт. Ошондуктан ал факторлордун олуттуу таасири байкалат. Топонимдердин мааниси тилдик багытта гана түшүндүрүлбөстөн, аталган денотаттан көз каранды. Объектин жайгашкан геофизикалык мейкиндиктеги орду, анын башка жер-суу аталыштары менен болгон байланышы аркылуу да түшүндүрүлө тургандыгы табигый көрүнүш.

6. Чоң-Алай районунун топонимиясы жалпы эле түрк тилдеринин анын ичинде кыргыз топонимиясынын тарыхый жактан калыптануусуна негиз болгон. Анткени алгачкы кыргыз элинин этникалык курамы анын мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалы Чоң-Алай чөлкөмү (территориялык) жана Чоң-Алай топонимиясы менен тикеден-тике байланыштуу экендигин тарыхый жана лингвистикалык фактылар айкындайт.

7. Чоң-Алай топонимиясынын тарыхый катмарларына илимий өңүттөн илик жүргүзүү кыргыз элинин жана анын тилинин тарыхый катмарларын, этаптарын, ички мыйзам-ченемдерин терең таанууга өбөлгө түзмөкчү. Изилдөө

көрсөткөндөй эле, Чоң-Алай топонимиясы кыргыз тилинин мыйзам ченемдерине жараша тарыхый багытта өнүккөн тилдик подсистема жана көөнөрбөгөн лексикалык өзгөчө катмары, чөйрө болуп саналат.

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**


1. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясы кыргыз этногенезинин тарыхый өнүгүүсүндөгү лингвистикалык фактор катарында [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». – 2014. - № 1. – 79-80-бб. ISSN: 1694-7851

2. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын ретроспективдик мүнөздөгү топонимдеринин тарыхый лингвистикалык планы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». – 2014. - № 1. – 160-161-бб. ISSN: 1694-7851

3. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын алтай тили менен болгон генетикалык карым-катышынын жер-суу аттарындагы манифестациясы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 243-244-бб. ISSN: 1694-7851

4. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясындагы байыркы лингвистикалык субстрат [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 133-134-бб. ISSN: 1694-7851

5. Султанова, А. А. Кыргыз тарыхый лексикологиясы жана Алай оронимдик системасы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 135-136-бб. ISSN: 1694-7851

6. Султанова, А. А. Топонимдер улуттук аң-сезимдин когнитивдик негизи катарында [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2015. - № 8. – 122-124-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29672482

6. Султанова, А. А. Топонимдердин семантикалык диахрониясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2015. - № 8. – 125-126-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29672483

7. Султанова, А. А. Mistranslation of Historical Names [Текст] / А. А. Султанова, Н. Эргешбаева, Н. Р. Жапаров // Journal of Positive School Psychology. - 2023, Vol. 7, No. 2, 655-662 http://journalppw.com

8. Султанова, А. А. Чоң-Алай когнитивдик топонимиясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. - № 8. – 349-353-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663793

9. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын тарыхый эволюциясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. - № 8. – 354-358-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663794

10. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын географиялык негиздери жалпы тил илиминин алкагында [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. - № 4. – 354-358-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663794

**Султанова Айнура Абайдиллаевнанын “Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери” деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** *Чоң-Алай топонимиясы, Улуу Жибек Жолу, лексика-семантикалык эволюция, фонетикалык өзгөрүүлөр, тарыхый стратиграфия, туунду, тубаса топонимдер, жөнөкөй, татаал топонимдер.*

**Изилдөөнүн объектисин** Чоң-Алай топонимиясы, ал эми **изилдөөнүн предметин** Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдерин изилдөө түзөт.

**Изилдөөнүн максаты -** Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимдик системасын ар тараптан анализдөө менен биргеликте эле анын Улуу Жибек жолу менен байланышын жана анын географиялык картасындагы тарыхый топонимдердин тарыхый лингвистикалык ордун аныктоо. Кыргыз жергесинде кыргыз тилиндеги топонимдер басымдуу экендигин жана кийинки мезгилде айтылып келген кыргыз урууларын “Сибирден оошкон келгиндер” катарында сыпаттоочу чындыкка анчалык туура келбеген пикирлердин жаралуусуна бөгөт коюу. Ошондой эле Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимиясынын тилдик табиятын лингвистикалык, тарыхый жактан изилдөө жана илимий жактан такталган геолингвистикалык фактыларды кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын окуп үйрөнүүдө кеңири пайдалануу.

**Изилдөөнүн методдору.** Иште этимологиялык стратиграфия, тарыхый хронология, семантикалык жактан сыпаттоо, тарыхый сереп, тарыхый салыштырма жана сыпаттама методдору айкалышкан биримдикте колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжаларын жана алардын жаңылыгы.** Чоң-Алай өрөөнүнүн жер-суу аталыштар системасын диссертациялык иштин деңгээлинде комплекстүү изилдениши жана кыргыз тилиндеги кээ бир фонетикалык мыйзамдардын жаралышын жана калыптануу этаптарын чагылдырган тилдик факты-материалдар катарында каралуусу, ошондой эле Чоң-Алай өрөөнүндөгү топонимдердин изилдениш алкагында жер-суу аттарынын белгилүү бир тарыхый катмарларын аныктоо өңдүү бир катар маселелердин ар кайсы өңүттөрдөн изилдениши иштин илимий жаңылыгын түзөт.

**Колдонуу чөйрөсү.** Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын жана жыйынтыктарын окуу процессинде кеңири пайдаланууга болот. Жогорку окуу жайларда географиялык лингвистиканы, филологиялык дисциплиналарды окутууда, аталган предметтер боюнча окуу китептери менен окуу куралдарын даярдоодо изилдөөнүн материалдарын, теориялык жоболорун колдонсо болот.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Султановой Айнуры Абайдиллаевны “Лексико-семантическая эволюция и исторические закономерности фонетических изменений топонимии Чоӊ-Алая”, представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.01 – кыргызский язык**

**Ключевые слова:** *Топонимия Чоӊ-Алая, Великий Шёлковый путь, лексико-семантическая эволюция, фонетические изменения, историческая стратиграфия, производные, непроизводные топонимы, простые, сложные топонимы.*

**Объект исследования –** Топонимия Чоӊ-Алая.

**Предмет исследования –** Лексико-семантическая эволюция и исторические закономерности фонетических изменений топонимии Чоӊ-Алая.

**Цель исследования.** Наряду с всесторонним анализом системы топонимов Чоӊ-Алайского района определить её связь с Великим Шёлковым путём, а также историко-лингвистическое место исторических топонимов на географической её карте. Показать превалирование здесь топонимов на кыргызском языке и поставить заслон не совсем верным утверждениям последних лет о том, что отдельные местные роды являются “пришлыми жителями Сибири”. С лингвистической и исторической позиций исследовать языковую природу топонимии Чоӊ-Алайского района для широкого использования уточнённых геолингвистических фактов при изучении истории кыргызской государственности.

**Методы исследования.** В работе комплексно использованы этимологическая стратиграфия, историческая хронология, семантическое описание, историческая экспертиза, историко-сравнительный и описательный методы.

**Научная новизна результатов исследования** заключается в том, что впервые на уровне диссертационной работы комплексно исследуется система топонимов Чоӊ-Алая, рассматриваются языковые факты и материалы, отражающие возникновение, этапы формирования в кыргызском языке отдельных фонетических законов, новизной работы является также определение в рамках изучения топонимов Чоӊ-Алая исторических пластов отдельных наименований местностей и вод с различных сторон.

**Область применения.** Материалы и результаты диссертационного исследования можно широко использовать в учебном процессе ВУЗов при обучении географической лингвистики, филологических дисциплин, при подготовке учебников и учебно-методических пособий по указанным предметам.

## RESUME

**of the dissertation of Sultanova Ainura Abaidillaevna "Lexico-semantic evolution and historical patterns of phonetic changes in the toponymy of Chong-Alay", submitted for the degree of Candidate of Philological sciences in the specialty 10.02.01 – Kyrgyz language.**

**Key words:** Toponymy of Chon-Alay, the Great Silk Road, lexico-semantic evolution, phonetic changes, historical stratigraphy, derived, non-derived toponyms, simple, complex toponyms.

**The object** of the study is the toponymy of Chong-Alay. The subject of the study is the lexical and semantic evolution and historical patterns of phonetic changes in the toponymy of Chong-Alay.

**The purpose of the study**. Along with a comprehensive analysis of the toponym system of the Chong-Alay region, to determine its connection with the Great Silk Road, as well as the historical and linguistic place of historical toponyms on its geographic map. To show the prevalence of toponyms in the Kyrgyz language here and put a barrier to the not entirely true statements of recent years that certain local clans are "alien inhabitants of Siberia". From a linguistic and historical point of view, to investigate the linguistic nature of the toponymy of the Chong-Alay district for the widespread use of refined geolinguistic facts in the study of the history of the Kyrgyz statehood.

**Research methods**. The work comprehensively uses etymological stratigraphy, historical chronology, semantic description, historical expertise, historical-comparative and descriptive methods.

**The scientific novelty of the research results** lies in the fact that for the first time at the level of the dissertation the system of Chong-Alay toponyms is comprehensively investigated, linguistic facts and materials reflecting the emergence and stages of formation of individual phonetic laws in Kyrgyz language are considered; the novelty of the work is also identified within the framework of the study of toponyms of Chong-Alay, it's historical layers of individual names of places and waters from various sides.

**The field of application**. The materials and results of the dissertation research can be widely used in the educational process of universities in teaching geographical linguistics, philological disciplines, in the preparation of textbooks and teaching aids on these subjects.